КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНКЫНЫН

# ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

**№8/2014**

# НОРМАТИВНЫЕ АКТЫ

НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары

**Редакциялык коллегия:**
Төрайым: Садыркулова А.М.
Коллегия мүчөлөрү: Султанов М.С.
Жаныбекова Ч.А.
Садыкова Н.О.
Жооптуу катчы: Абдиева К.Т.

**Басылманын мазмунуна тиешелөө маселелер боюнча маалымат алуу үчүн:**
Бишкек шаары, Т. Үметалиев атындагы көчө, 101, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, Юридикалык башкармалыгы:
телефон: (996 312) 45 66 41 телефону
факс: (996 312) 610 730 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Басылманы таркатуу маселеси боюнча:**
Бишкек шаары, Т. Үметалиев атындагы көчө, 101, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмү:
телефон: (996 312) 669 009
факс: (996 312) 610 730
http://www.nbkr.kg

**Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик документтери жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.**

**Уюштуруучусу** - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөн жана 1998-жылдын 5-октябрында 321-номердеги күбөлүктү алган.

Жоопкерчилиги чектелген коом «Эдем-принт» басма борборунда даярдалган жана басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 119/1
2015-жылдын 20-январьда басууга кол коюлган.
2015-жылдын 26-январьда басылган.
185 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2014-жыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз басылманы кайсы формада, кайсы каражаттар менен болбосун көчүрүп басууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басууда жана андан шилтеме келтирүүдө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары» басылмасына таянуу зарыл.

## Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики

**Редакционная коллегия:**

| | |
|---|---|
| Председатель: | Садыркулова А.М. |
| Члены коллегии: | Султанов М.С. |
| | Жаныбекова Ч.А. |
| | Садыкова Н.О. |
| Ответственный секретарь: | Абдиева К.Т. |


**По вопросам, связанным с содержанием публикаций, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, ул. Уметалиева, 101, Национальный банк Кыргызской Республики,
Юридический управление:
телефон: (996 312) 45 66 41
факс: (996 312) 610 730
http://www.nbkr.kg

**По вопросам, связанным с распространением публикаций Национального банка Кыргызской Республики, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, ул. Уметалиева, 101, Национальный банк Кыргызской Республики,
Отдел внешних и общественных связей:
телефон: (996 312) 669 009
факс: (996 312) 610 730
http://www.nbkr.kg

**Целью издания журнала является официальная публикация нормативных актов Национального банка для обеспечения коммерческих банков и общественности нормативными документами Национального банка и официальной информацией о деятельности Национального банка, а также проведение пропаганды банковского законодательства Кыргызской Республики. Предположительная периодичность издания журнала - один раз в месяц на кыргызском и русском языках.**

**Учредитель:** Национальный банк Кыргызской Республики.
Издание зарегистрировано Министерством юстиции Кыргызской Республики, свидетельство о регистрации СМИ № 321 от 5.10.1998 года.

Подготовлено к печати и отпечатано ОсОО «Эдем-принт».
г. Бишкек, ул. Матросова, 119/1.
Подписано в печать 20 января 2015 г.
Отпечатано 26 января 2015 г.
Тираж 185 экз.

© Национальный банк Кыргызской Республики, 2014 год.

Настоящее издание не подлежит воспроизведению и распространению в любой форме и любыми средствами без разрешения Национального банка Кыргызской Республики. При перепечатке и переводе выдержек ссылка на издание «Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики» обязательна.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

### *Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету*

Басылма Улуттук банктын өткөн жылдагы иши боюнча толук отчету болуп саналат. Ал Республиканын экономикалык өнүгүшү, Улуттук банктын акчакредит саясаты, финансылык отчету жөнүндө кыскача маалыматтарды, Улуттук банктын ишине тиешелүү жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

### *Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени*

Маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын экономикасына негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана анын секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

### *Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

Басылмада тышкы сектордун өнүгүшүндөгү акыркы тенденциялар чагылдырылат. Тиркемелеринде төлөм теңдеминин нейтралдуу формасы, тышкы соода түзүмү, эларалык камдар (резервдер) тышкы карыз боюнча маалыматтарды камтыган таблицалар келтирилген. Чейрек сайын - январь, май, июль, октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

### *Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама*

Басылмада республикада жана анын региондорунда керектөө бааларынын динамикасы, инфляциянын негизги факторлорун анализдөөлөр, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акчакредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматтар камтылып, кийинки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

### *Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи*

Улуттук банкта жана бүтүндөй банк тутумунда бир апта ичинде болуп өткөн жаңылыктарды, Улуттук банктын ыкчам маалыматтарын, финансы рыногу боюнча аналитикалык материалдарды жана жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

### *Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет*

Басылма Кыргыз Республикасынын финансы системасынын учурдагы абалын экономиканын башка секторлору өз ара байланышта кароого арынышы боюнча аналитикалык маалыматты камтыйт. Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө коомчулукка маалымдайт. Алты айда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

## Издания Национального банка Кыргызской Республики

### *Годовой отчет Национального банка Кыргызской Республики*

Издание является полным отчетом Национального банка за прошедший год. Содержит краткую информацию об экономическом развитии республики и денежно-кредитной политике, финансовую отчетность Национального банка, общие сведения о НБКР, статические приложения. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

### *Бюллетень Национального банка Кыргызской Республики*

Информационное издание содержит статические сведения по основным макроэкономическим показателям и секторам экономики Кыргызской Республики. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

### *Платежный баланс Кыргызской Республики*

«Платежный баланс Кыргызской Республики» отражает последние тенденции в развитии внешнего сектора. В приложениях приводятся таблицы с данными по нейтральной форме платежного баланса, структуре внешней торговли, международным резервам, внешнему долгу. Выпускается ежеквартально - в январе, мае, июле, октябре на кыргызском, русском и английском языках.

### *Обзор инфляции в Кыргызской Республике*

Издание содержит описание динамики потребительских цен в республике и ее регионах, анализ основных факторов инфляции, информацию о решениях Национального банка Кыргызской Республики в области денежно-кредитной политики и представляет прогноз инфляции на предстоящий период. Публикуется ежеквартально на кыргызском, русском и английском языках.

### *Пресс-релиз Национального банка Кыргызской Республики*

«Пресс-релиз НБКР» содержит хронику событий, происходящих в Национаном банке и банковской системе в целом, оперативную информацию НБКР за неделю, аналитические материалы по финансовому рынку и другую информацию к сведению СМИ (средства массовой информации), юридических и физических лиц. Публикуется еженедельно на русском и кыргызском языках.

### *Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики*

Издание содержит аналитическую информацию о текущем положении финансовой системы Кыргызской Республики во взаимосвязи с другими секторами экономики. Информирование общественности о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики. Выпускается 1 раз в 6 месяцев на трех языках: кыргызском, русском и английском.

## МАЗМУНУ

1. Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 17-октябрындагы № 45\2 токтому «Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 2-мартындагы №5/6 “Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттердин атайын классификациясын колдонуунун убактылуу тартибин бекитүү тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтому. ........................................................................ 8

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 30-октябрындагы № 47\7 “Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы № 10/15 «Чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курстарын аныктоо эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө” токтому ........................................................................ 10

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014 жылдын 30-октябрындагы № 47\8 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому. ................................................................ 12

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 30-октябрындагы № 47\10“ Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктоо жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому. .................................. 16

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2014-жылдын 16-июлундагы № 32/4 «Аманаттарды (депозиттерди) тартуу менен иш алып барбаган микрокаржылоо компаниялары үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 30-майындагы №24/8 “Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө” нускоону бекитүү тууралуу” токтому менен бекитилген “Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө” нускоону колдонууга киргизүү жөнүндө токтому. ....... 20

6. Кыргыз Республикасынын Улуттук Банк Башкармасынын 2014-жылдын 14-ноябрындагы № 50/1 “Банктардын милдеттүү камдарынын минималдуу деңгээли жөнүндө” токтому. ............. 22

7. Кыргыз Республикасынын Улуттук Банк Башкармасынын 2014-жылдын 14-ноябрындагы № 50/2 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдору жөнүндө» токтому. ........................................................................ 24

## СОДЕРЖАНИЕ

1. Постановление Правления Национального банка “О внесении изменений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении «Временного порядка применения специальной классификации кредитов, отвечающих определенным критериям» от 2 марта 2006 года №5/6» от 17 октября 2014 года № 45\2 ........................................................... 27

2. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики “О внесении изменения в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении «Правил определения официальных курсов иностранных валют по отношению к кыргызскому сому» от 28 марта 2013 года №10/15.”от 30 октября 2014 года № 47/7; .................................... 29

3. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики “О внесении изменений в некоторые постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики”от 30 октября 2014 года № 47/8; .................................................. 31

4. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики “О внесении дополнения и изменений в некоторые постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики» от 30 октября 2014 года № 47/10; .......................... 35

5. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О введении в действие для микрофинансовых компаний, непривлекающих вклады (депозиты), Инструкции о порядке соблюдения лимитов открытых валютных позиций микрофинансовыми компаниями, утвержденной постановлением Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении «Инструкции о порядке соблюдения лимитов открытых валютных позиций микрофинансовыми компаниями» от 30 мая 2014 года №24/8. от “ 16” июля 2014 года № 32/4 ............... 39

6. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О ежедневном минимальном уровне обязательных резервов банков от 14 ноября 2014 года. № 50/1. ......................... 41

7. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О некоторых постановлениях Правления Национального банка Кыргызской Республики от 14 ноября 2014 года. № 50/2.. .......................................................................... 43

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ | ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|

**ТОКТОМ**

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2014-ж., 17-октябрындагы № 45\2**

## Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 2-мартындагы №5/6 "Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттердин атайын классификациясын колдонуунун убактылуу тартибин бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

"Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 2-мартындагы №5/6 "Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттердин атайын классификациясын колдонуунун убактылуу тартибин бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттердин атайын классификациясын колдонуунун убактылуу тартибинин:
- мамлекеттик тилдеги аталышы төмөнкү редакцияда берилсин: Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттердин атайын классификациясын колдонуунун убактылуу тартиби;

  - 1.1-пункту төмөнкүдөй жаңы редакцияда берилсин:

  "1.1. Бул, Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттердин атайын классификациясын колдонуунун убактылуу тартиби (мындан ары – Тартип), Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал тарабынын жөнгө салынган, анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык банк операцияларын жүзөгө ашырууда колдонулуучу атайы терминдерди эске алуу менен ишкердикти жүзөгө ашырган коммерциялык банктар жана башка финансы-кредит мекемелери тарабынан (мындан ары – банктар/ФКМдер) кредиттөөнү ишке ашырууда келип чыгышы мүмкүн болгон кредиттик тобокелдиктерге жана

чыгым тартууларга баа берүүгө карата ыкмаларды оптималдаштыруу максатында иштелип чыккан.”.

2. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
3. Юридика башкармалыгы:
- бул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;
- расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.
4. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы бул токтом менен коммерциялык банктарды, Микрофинансылык уюмдар ассоциациясын, Кыргызстандын кредиттик союздары жана кооперативдери ассоциациясын, Кредиттик союздардын улуттук ассоциациясын, “Кредиттик союздардын финансылык компаниясы” ААКсын жана «Ислам экономикасын, каржы жана индустриясын өнүктүрүү ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин тааныштырсын.
5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Л.Д.Орозбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ТОКТОМ**

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2014-ж., 30-октябрындагы № 47\7**

## Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы №10/15 «Чет өлкө валюталары-нын кыргыз сомуна карата расмий курстарын аныктоо эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7, 17 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы №10/15 «Чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курстарын аныктоо эрежелерин бекитүү тууралу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:
   Жогоруда аталган токтом менен бекитилген Чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курстарын белгилөө эрежелеринин:
   2-тиркемесинин 20-пункт өз күчүн жоготкон катары танылсын.
2. Токтом 2015-жылдын 15-январынан тартып күчүнө кирет.
3. Юридика башкармалыгы:
- бул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;
- расмий жарыялангандан кийин бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигин, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматын, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетин, Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкар-

малыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары Жениш Н. мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ТОКТОМ**

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2014-ж., 30-октябрындагы № 47\8**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

“Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) киргизилсин:
   *- 2013-жылдын 26-июнундагы №20/1 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу”;*
   *- 2013-жылдын 28-мартындагы №10/6 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу”.*
2. Юридика башкармалыгы:
   *- бул токтомдуу Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;*
   *- токтом расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн аны Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.*
3. Токтом, расмий жарыялангандан 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
4. Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын, Баткен

областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары Н.Жеңиш мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Абдыгулов**

*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук банк Башкармасынын*
*2014-жылдын «30»- октябрындагы*
*№ 47\8 токтомуна карата*
*Тиркеме*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын
айрым токтомдоруна өзгөртүүлөр

1. 1. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 26-июнундагы №20/1 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

*жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштыруу, кайталап сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана алар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобонун:*

*21-пунктту төмөнкү редакцияда берилсин:*

*«21. Тике катышуучу – Улуттук банк тарабынан лицензияланган, Улуттук банкта корреспонденттик/күндөлүк эсепке ээ коммерциялык банк (мындан ары Банк), Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда иш алып барууга Улуттук банк менен тиешелүү келишим түзгөн Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусу жана Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо агенттиги.».*

*2. Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы №10/6 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:*

*жогоруда аталган токтом менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө” жобонун:*

*9-пунктту төмөнкү редакцияда берилсин:*

*«9. Тике катышуучу – Улуттук банк тарабынан лицен-*

*зияланган, Улуттук банкта корреспонденттик/күндөлүк эсепке ээ коммерциялык банк (мындан ары Банк), ноталар рыногунда иш алып барууга Улуттук банк менен тиешелүү келишим түзгөн Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусу жана Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо агенттиги (1, 2-тиркемелер).”.*

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ТОКТОМ**

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2014-ж., 30-октябрындагы № 47\10**

## Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктоо жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы” жөнүндө мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык токтом кылат:

1. 1. Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна сунушталган толуктоо жана өзгөртүүлөр киргизилсин:
   *- 2010-жылдын 30-июнундагы №52/1 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу банктар аралык кредиттик операциялар боюнча жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндөгү күрөөлүк камсыздоону каттоо эрежелери тууралуу”;*
   *- 2013-жылдын 28-мартындагы №10/9 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздардын депозитардык эсеби жөнүндө” жобо тууралуу”.*
2. Юридика башкармалыгы:
   *- ушул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;*
   *- расмий жарыялагандан кийин ушул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине чегилдирүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.*
3. Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы ушул токтом менен Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарды жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.
4. Токтом, расмий жарыялагандан бир ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү Т. Джусупов мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

*Улуттук банк Башкармасынын
2014-жылдын 30- октябрындагы № 47\10
токтомуна тиркеме*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна толуктоо жана өзгөртүүлөр

2010-жылдын 30-июнундагы №52/1 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу банктар аралык кредиттик операциялар боюнча жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндөгү күрөөлүк камсыздоону каттоо Эрежелери тууралуу" Улуттук банк Башкармасынын токтомуна төмөнкү толуктоо жана өзгөртүү киргизиллсин:

*жогорку токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу банктар аралык кредиттик операциялар боюнча жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндөгү күрөөлүк камсыздоону каттоо Эрежелерине:*

*- 4 бөлүм төмөнкү мазмундагы 14.1-пункт менен толукталсын:*

*«14.1 Өкмөттөр аралык макулдашуулардын, эл аралык банктар аралык бирикмелердин алкагында кредиттик линияларды (кредиттерди), траншитарды берүү жөнүндө банктар менен келишимдерди (макулдашууларды) түзгөн учурда, Күрөөнү тескөөчүнүн катышуусу жок МБК депозитарийинде МБК күрөөсү жөнүндө келишимди каттоого жол берилет.*

*Жогоруда көрсөтүлгөндөй күрөөдө турган МБКларды толук же анын бөлүгүн бошотуп алуу бекитилген форма боюнча Күрөө кармоочунун билдирүүсү боюнча Улуттук банк тарабынан жүргүзүлөт (3-тиркеме). Күрөө кармоочунун билдирмесинин негизинде Улуттук банк тарабынан ишке ашырылат. Мында Күрөө кармоочунун билдирүүсү расмий тилде же нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу менен берилет.";*

*- 15-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:*

*«15. Күрөө коюучунун күрөөлүк субэсебинде турган МБКларды өз ыктыярдуу Күрөө кармоочунун инвестициялык субэсебине же МБК депозитарийиндеги Күрөөнү тескөөчүнүн жалпы субэсебине которууда, кредиттин ордун жабуу эсебинен Күрөө коюучу менен макулдашылган Күрөө кармоочунун же Күрөөнү тескөөчүнүн тапшыруусу боюнча Улуттук банк тарабынан ал келген күнү ишке ашырылышы мүмкүн (4-тиркеме).";*

*- 2-тиркеменин 5-пунктундагы "арбитраждык суд жана башка" сөздөр алынып салынсын;*

*- 2-тиркеменин 6-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:*

*«6. Мамлекеттик баалуу кагаздар депозитарийиндеги Күрөө коюучунун күрөөлүк субэсебинде турган МБКлардын ордун жа-*

*буу мөөнөтү келген учурда: (1) улам созулган соттук же сот-тон тышкаркы териштирүүлөргө; (2) Күрөө коюучу жана/же Күрөө кармоочу же Күрөөнү тескөөчү күрөөгө карата эч кандай иш-аракеттерди кабыл албагандыгына байланыштуу Тараптар алардын номиналдык наркын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Борбордук казыналыктын эсебинен Улуттук банктагы корреспонденттик эсепке (банктын аталышы) которууга Улуттук банкка ыйгарым укук беришкен.";*

*жогорку токтом менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздардын депозитардык эсеби жөнүндө" жобого:*

*- 28-пунктундагы "3" деген сан алынып салынсын;*

*- 3-тиркеме алынып салынсын.*

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ТОКТОМ**

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2014-ж., 16-июлундагы № 47\10 № 32/4**

## Аманаттарды (депозиттерди) тартуу менен иш алып барбаган микрокаржылоо компаниялары үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 30-майындагы №24/8 "Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө" нускоону бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген "Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө" нускоону колдонууга киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамынын 4, 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Аманаттарды (депозиттерди) тартуу менен иш алып барбаган микрокаржылоо компаниялары үчүн Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 30-майындагы №24/8 "Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө" нускоону бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген "Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө" нускоо 2015-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилсин.
2. Юридика башкармалыгы:
   *- бул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;*
   *- расмий жарыялангандан кийин токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.*
3. Токтом расмий жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

4. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен микрокаржылоо компанияларын, Микрокаржылоо уюмдары ассоциациясын, Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.
5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдук Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары З.Л. Чокоев мырзага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ТОКТОМ**

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2014-ж., 14-ноябрындагы № 50/1**

## Банктардын милдеттүү камдарынын минималдуу деңгээли жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамынын 7, 22 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

